ISSN 1694-7851

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА им. И.АРАБАЕВА

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРИЛИГИ

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

## И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖУРНАЛЫ

**Илимий журнал**

**1999 жылдан тартып чыгат**

**БИШКЕК**

**2016**

**(ДЕКАБРЬ)**

# Мазмуну
# Содержание

## ПЕДАГОГИКА ПСИХОЛОГИЯ БИЛИМ БЕРҮҮ
## ПЕДАГОГИКА ПСИХОЛОГИЯ ОБРАЗОВАНИЕ

**Абдышукурова Г.Ж., Садырова Б.С.** Проблема суицидального поведения подростков……. 8
**Ажыгулова А.Б.** Основные функции, методы работы, документация, права и обязанности школьного социального педагога………………………………………………... 10
**Ажыгулова А.Б.** Образование как фактор социального неравенства в молодежной среде……….. 12
**Аманканова А.Х.** Формирование профессиональной компетентности студентов – дефектологов в процессе обучения в педагогическом вузе…………………………………………………………….. 14
**Амиракулова Н.Н., Аскарова Г.М.** Болочоктогу адистердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда «Манас» эпосунун орду....................................................................................... 17
**Анарбаев А.К., Сейдахметов Е.Е., Баймуханбетов Б.М.** Актуальные проблемы физического воспитания школьников…………………………………………………………………………… 20
**Асанова Ж.К., Кочак Хосан Хусейин** Математик бакалаврлардын профилдик багытта аралыктан окутуунун орду................................................................................................................. 23
**Алиева К.** Үй-бүлөдө баланы туура тарбиялоонун педагогикалык шарттары.................... 26
**Байдуева Н.Б.** Психолого-медико-педагогикалык жактан коштоо кызматын мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүнуюштуруу................................................................................................ 28
**Быковченко Н.С.** Педагогическая подготовка будущих учителей………………….............. 32
**Джапарова З. Б.** Инклюзивдик билим берүү шартында жалпы билим берүүчү мектептердин педагогдорунун атайын компетенцияларын калыптандыруу......................................................... 34
**Дергунова Е.Ю. , Калдыбаева А. Т., Черноногова И.В.** Поликультурное образование и воспитание в Казахстане…………………………………………………………………………… 36
**Демешева Г.У.** Проблемы выработки ценностных ориентаций дошкольников на здоровый образ жизни……………………………………………………………………………………………… 39
**Дрожжакова И.** Развитие физических качеств у детей дошкольного возраста……………... 41
**Егемкулова Ж.А.** Обработки А.У. Укурчинова для детского хора…………………………….. 45
**Ермуратова А.Т.** Использование интерактивных методик в целях активизации познавательной деятельности учащихся на занятиях музыкой…………………………………………………….. 47
**Есеналиева А.И.** Значимость исследования влияния психологических характеристик личности руководителя на взаимоотношения в педагогическом коллективе........................................... 50
**Есельбаева А.К., Тутибаев К.А., Буркитбаева М.Ж.** Методика исследования по основам обучения двигательным действиям в ритмопластике………………………………………… 52
**Иманкулова С. Э.** Интерактивные методы обучения в учебной деятельности в контексте самореализации студентов…………………………………………………………………………. 55
**Кадырова О.Ж.** Методика работы по дирижированию для младших курсов…………………. 57
**Казыев А. Б.** Спорттук оюндардын инсандардын келечегине таасири………………………… 59
**Калтаев Т.К.** Методика работы с комнатными растениями в начальной школе…………...... 61
**Карчина А.М.** Система высшего образования глазами молодого специалиста: работодатель и работник……………………………………………………………………………………………. 63
**Конокбаева А.Н.** Психокоррекционная работа с дошкольниками с ограниченными возможностями здоровья………………………………………………………………………….. 66
**Кубанова Н.А.** «Кыздын сыры» повестин окутуунун ыкмалары……………………………… 69
**Немичева Е. Ю.** Специализированные группы по физической культуре в ВУЗе…………. 72
**Романова Т.Н.** Вспомогательные школы в Кыргызской Республике в XXI веке: филантропия или научное знание?............................................................................................................................. 75
**Садырова Б. С., Абдышукурова Г. Ж.** К проблеме изучения личности детей дошкольного возраста…………………………………………………………………………….. 77
**Сакимбаева С.Д., Кишикова Н.Д.** Принципы и методы обучения школьников основам безопасности жизнедеятельности……………………………………………………………….. 80
**Сейталиева Э.С.** Келечектеги башталгыч класстын мугалимин математикалык даярдоодо өз алдынча иштерди жүргүзүү......................................................................................................... 84
**Сейтенова С.С., Абил А.** Использование в сфере образования информационных коммуникационных технологии .................................................................................................. 86
**Тогузбаева Н.М.** Развитие основ коммуникативного общения у детей с умеренной умственной отсталостью ……………………………………………………………………………………… 87
**Ubalieva M.U., Dokturbekova N.D.** Using some activities in teaching English of Tourism and Management students of KEU…………………………………………………………….................. 90

Копия верна.
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

г) алардын экөөнө тең тиешелуу болгон элементтерден тузулгөн көптук аталат.

10. Математикалык тил-….

а) математикалык операциялык системалар, математикалык моделдер.
б) идеялаштырылган объекттер
в)амалдар
г) аксиомалар, теоремалар, аныктамалар.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алгебра и начала анализа. 10-11: Пособие для учащихся. -М.: Пр., 1984г.
2. Виленкин Н.Я., Дуничев К.И. и другие. Современные основы школьного курса математики.
3. Симаков В.В., Никитина Л.В., Ефанова В.В., Михайлова А.М. Дистанционное обучение студентов заочников – Сб. Управление самостоятельной познавательной деятельностью студентов. – Саратов, 2002. С. 9--95.
5. Virtual library of world conferences http://www.conferencealerts.com/elearning.

**Алиева Канышай,**
*Ош мамлекеттик университетинин окутуучусу*

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛАНЫ ТУУРА ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**Аннотация:**
*Макалада үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун жолдору, ата-энелердин милдеттери, кадыр баркы талдоого алынып, педагогикалык мүнөздөмө берилген. Үй-бүлөдө балдарды туура тарбиялоонун педагогикалык шарттары сунушталды.*

**Түйүндүү сөздөр:**
*Үй-бүлө, тарбия, адептик тарбия, педагогикалык мүнөздөмө, аброй, милдет, педагогикалык шарт.*

**Аннотация:**
*В статье описаны способы воспитания детей в семье, обязанности родителей, достоинства родителей проанализирован. Предложены педагогические условия для полноценного воспитания детей в семье.*

**Ключевые слова:**
*Семья, воспитание, нравственное воспитание, педагогическая характеристика, достоинства, обязанности, педагогические условия.*

**Annotation:**
*The article describes the ways of raising children in a family, the responsibilities of parents, the choice of prestige and pedagogical characteristics. Pedagogical conditions for full-fledged upbringing of children in a family are proposed.*

**Keywords:**
*Family, upbringing, moral education, pedagogical characteristics, dignity, duties, pedagogical conditions.*

Үй-бүлө коомдун баштапкы уюму, балдарды тарбиялоодо ал негизги фактор болуп эсептелет. Ар бир үй-бүлө баланын туура тарбияланышы үчүн атайын шарттарды түзүп берүүлөрү керек, ал шарт убагында оокат жеп, сабакка даярданууга убакыт ажыратып берүү эмес, ал деген сөз турмушта кездешүүчү кыйынчылыктарды жеңүүгө түзүлүүчү шарт жөнүндө сөз болушу керек. (1) Кээ бир ата-энелер өз ишинин мыкты адиси болгонуна карабастан, балдарды тарбиялоодо чоркок экендиктерин моюндарына алышат. Совет доорунун теңдемечил саясатынын жана идеологиясынын натыйжасында көпчүлүк аталар тарбия жана билим берүү энелер менен мектептин милдети деп кайдыгер караган көрүнүштөр пайда болгон. (2)

Табияттын мыйзамына ылайык кенже мектеп окуучуларындагы эркек балдар атаны *өрнөк* кылып, аны тууроо аркылуу тигил же бул көндүмдөрдү өздөштүрсө, кыз энени туурап анын жасаган нерселерин жасоого аракеттенет.

Мектеп педагогдору 1-класстын окуучуларына тарбиялык саатта «Аталар жана апалар » оюнун ойноону сунуштаган. Кыздар өз ара тез эле апалардын, эжекелердин жана чоң энелердин ролдорун бөлүштүрүп алышкан. Бирок, балдардын ичинен эч кимиси ата болгусу келген эмес. Бир нече жолку мугалимдин сурануусу менен гана балдардын бирөөсү гана ата болууга макул болгон. Ал дивандын болушун, газета алып келүүлөрүн, тынчтыкты сактоону жана телевизорду коюну талап кылган. Оюн бүткүчө ошол нерселердин жоктугуна наразы болуп, талап кыла берген.

Андан соң мугалим:

- Апалар, чоң апалар эмне жумуш аткарышат? – деген суроого кызыгуу менен ар бир окуучу ар түрдүү жоопторду айтышкан.
- Ал эми аталар эмне жумуш аткарышат? – деген суроого алар төмөндөгүчө жооп беришкен:

- жумушка барат.

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

- иштеп акча табат.
- апамды жана мени урушат, жазалайт ж.б.у.с.

Бирок, бардык эле аталар үй-бүлөдө ушундай дегенден алыспыз, эгерде ушундай учур кездешсе, анда балага болгон мамилени өзгөртүү керектигин гана сунуштайбыз. Үй-бүлөдөгү балдарга айрыкча мектепке барып калган учурдагы түзүлгөн туура шарттар баланын сырткы дүйнөнү таанып билүүгө ишенимдүү карoого түрткү берет. Колдон келсе ар бир бала толук кандуу үй-бүлөдө чоңойсо дейбиз, анткени балдардын билим алуусунда ата-эне бири-бирин толуктап туруууга тийиш. Баланын инсан катары калыптанышында ата менен эне өзгөчө орунду ээлей тургандыгын адамзаттын миңдеген жылдык тажрыйбасы менен катар илимий иликтөөлөр тастыктап келет. (2)

Айрым ата-энелер балдарга ашыкча талапчыл мүнөздө мамиле кылышса, экинчилери көбүнчө балдардын оюу менен болуп, алардын эркин өсүшүнө шарт түзөт. Бүгүнкү күндө ата-энелер таң калуучудай туура гана нерселерге көңүл бурушат, алардын көз карашы боюнча балдардын жүрүм-туруму: тамак ичтиби-компьютерди иштете берсе болот, «5» алдыбы- акчаны ал да киного барсаң болот, чоң энесине барып келдиби - үйгө досторун чакырса болот ж.б.у.с. Дайыма бир нерсе үчүн бир нерсе жооп катары болот. Анын ичинде балдарга карата мамиле да биздин түшүнүгүбүздө адекваттуулукк а ( жагдайга, ситуацияга) жараша болот. (3)

КР Билим берүү Мыйзамында балдарды үй-бүлөдө туура тарбиялоого карата ата-энелердин төмөндөгүдөй **милдеттери** белгиленген:

1. балдардын саламатчылыгынын сактыгын, алардын руханий жана дене боюнун жетилишин, үй-бүлөдө адеп-ахлактык жактан калыптанышын камсыз кылуучу тиричилик жана окуу шарттарын түзүү;
2. Балдарды билим берүү уюмдарына жайгаштырууга жана алардын жалпы негизги билим алуусуна кепил болууга;
3. Билим берүү мекемелери менен кызматташтыкты колдоого;
4. Ата-энелер баланын жалпы негизги билим алуусу боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн КРнын мыйзамына ылайык административдик жоопкерчилик тартышат; (4)

Үй-бүлөдө ата-энелер бала тарбиялоо тажрыйбасы аркылуу ар түрдүү абройго ( авторитетке) ээ болушат:

- Басмырлоо: балага кыйкыруу, сабоо, өкүрүп-бакыруу;
- Аралыктагы аброй: мындай ата-энелер өздөрүнчө бөлмө жасатып, баладан бөлүнүп тамак ичишет;
- Търъпейилдик: өтө мактанчаактык, өзүнүн кылгандарын гана мактап сүйлөйт, мындай сапат балага тез жугушу мүмкүн;
- Бышыксынган майдачылык: ата-эненин айтканы айткандай, дегени дегендей болушу керек;
- Куру чечендик: мындай ата-энелер балдарынын кулагынын кужурун алып эле акыл насаат айта берет;
- Бул типтеги ата-энелер балдарына жакшы көрүнгүсү келгендер, себеби алар балдарын сүйгөндүгүн тынымсыз айта берет;
- Кайрымдуулук: мында да балдарды тил алдыруу үчүн алардын сүйүүсү пайдаланылат. Ата-эне баласынан эч нерсе аябоочудай, аларды жан-дили менен сүйүүчүдөй көрүнүп, балдарын эрк е талтаң кылып чоңойтушат;
- Балдар менен болгон достук мамиле: мында ата-энелер балдары менен дос, тең ата мамиледе болушат, бул жүрүп отуруп буйрукту балдар берип калганга чейин өсөт. Эң негизгиси бул түбү жакшылыкка алап барбайт;
- Бул типтеги ата-энелер балдарынын тил алышы үчүн белек же башка нерсе алып берүүнү убадалашат;

Жогорудагыларды эске алуу менен кенже мектеп жашындагы балдарды үй-бүлөдө туура тарбиялоонун төмөндөгүдөй педагогикалык шарттарын сунуштайбыз:

1. Баланы жеке кызыкчылыктары бар инсан катары караңыз, демек сиз алардан каалаган нерселерден тышкары, алардын да өз каалоолору бар экендигин унутпаңыз;
2. Ар бир үйдө бала сабакка даярдануучу, уктоочу жана алардын эс алуусу үчүн уюштурулган туура шарт жана регламент болушу абзел, сиз мына ушуга көзөмөлдөчү боло жүрүңүз;

3. Балада көз карандылыкты жаратпаңыз. Мыкты ата-эне баланын инсандык өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп, өзүнө болгон ишенимин арттырат. Баланын ички жөндөмдүүлүктөрүн ойготуу аркылуу анын өзүн-өзү таануусуна мүмкүнчүлүк түзүү зарыл. Баланын ар бир аракети көзөмөл алдында эмес, кыймылда болуп, байкоо, ойноо менен жетилиши зарыл;

4. Сиздин башыңыздагы шаблонго түзгөнгө аракет кылбаңыз. Баланын тигил же бул нерсеге чечим чыгаруусуна багыт берген ата-эне болуп саналат. Сиз өз каалооңузду таңуулагандын ордуна бири-ңңүириңерди түшүнүү үчүн балаңыз менен ачык сүйлөшкөнүз оң болот;

5. Баланын өзүнө болгон ишенимин арттырыңыз. Өзүнө ишенген баланы тарбиялоо үчүн, анын башкаларга ишенимин арттыруу зарыл. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон сый жана ишенимдүү мамилеси баланын турмушунда позитивдүү роль ойнойт;

6. Балдарда жарышуу мүмкүнчүлүктөрүн калыптандырыңыз. Мыкты ата-эне балада иштермандык, инсандык өнөрдү баалай билүү сапаттарын калыптандырат. Бул сапаттар балдарга насаат аркылуу эмес, өрнөк көрсөтүү аркылуу өтөт. Мына ушул багытта кенже мектеп курагында ар кыл максаттагы оюндардын да мааниси абдан жогору;

7. Баланын эс алуу убактысын туура пайдаланыңыз. Бала үчүн эс алуу, көңүл ачуу көндүмдөрүн калыптандыруу абдан манилүү. Мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, жаңы багыттар менен таанышуусуна көмөкчү болуңуз;

8. Балаңыз менен пикирлеш болуңуз. Башкалар менен мамиле түзө албаган ата-эне, өз баласы менен да мамиле түзө албайт. Сурамжылоо, көрсөтмө берүү, мен бала кезде ушундай кылчуумун деген акылдуу сөздөрдү айтуу менен эмес, баланын каалоорун түшүнүү, аларга сый мамиле кылуу менен ынак мамиле түзүүгө болот. Балаңыздын ар бир жетишкендиктери үчүн кубанганыңызды көрсөтүңүз. Баланын терс жактарына, кемчиликтерине эмес артыкчылыктарына басым жасап, шыктандырыңыз;

9. Сөз бердиңизби – аткарыңыз. Ата-эне үчүн эң манилүү нерсе балага берилген убаданы аткаруу, аткарылбай турган убадаларды бербеңиз;

10. Балаңыз менен кызматташыңыз. Алар менен бирге алектене турган иш табыңыз. Бул ишмердүүлүк балаңызга жага тургандай болсун. Балдардын дүйнө таанымында жана калыптануусунда ата-энелердин аларга болгон мамилесинен, камкордугунан тышкары ата-эненин өз ара гармониялык мамилеси да абдан орчундуу. (2)

Башталгыч класс окуучулары сезимталдуулугу жана ийкемдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Демек биздеги бардыгы болбосо да көпчүлүк түптөлгөн адат-сапаттар, алгачкы 7 жыл ичинде түптөлгөндүгүн жана да анын ичинде үй-бүлө негизги орунду ээлей тургандыгын эсибизден чыгарбасак.

Колдонулган адабияттар:

1. Улуттук педагогиканын негиздери. Ош шаары, 1996-ж. 67-бет.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1996ж.
3. Билим берүү. Мыйзамы, Бишкек, 2003.
4. « Мектеп – школа» журналы, №3,4-2010
5. « Шоокум » журналы февраль, 2011.

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

Байдуева Н.Б.
педагогика факультетинин атайын педагогика жана психокоррекция
кафедрасынын окутуучусу, И.Арабаев ат. КМ

## ПСИХОЛОГО - МЕДИКО - ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАКТАН КОШТОО КЫЗМАТЫН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН БАЛДАР ҮЧҮН УЮШТУРУУ

*Макалада инклюзивдүү билим берүүнүн талаптары, мүмкүнчүлүгү чектелген баланы психолого-медико-педагогикалык коштоо, алардын уюштуруу этаптары, үй-бүлөнү коштоо, жекече билим берүүчү маршрут программалары каралган.*